# КЕЛИШИМ

Азымкан Бостонов атындагы орто мектебинин администрациясы, класс жетекчиси биринчи тарап жана мектептин ата – энелери, окуучулары экинчи тарап болуп келишим түзөт.

## Жалпы жобо

1. Келишим түзүлгөн ЭКИ тарап тең өз ишин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын Конституциясынын мыйзамдарын окутуу тарбиялоого байланыштуу нормативдүү укуктук актларды, жалпы билим берүүчү мектептер жөнүндөгү жобону жетекчиликке алат.

2. Мектеп, ата – эне, окуучулар ортосундагы мамиле түзүлгөн келишимдин негизинде КРнын мыйзамдарынын чегинде аныкталат. Окуучулар менен алардын ата – энелеринин ортосундагы мамиле мектептин уставынын негизинде жөнгө салат.

## Тараптын укуктары жана миддеттери

**1 – ТАРАП. А. Бостонов атындагы орто мектеп төмөндөгүдөй укуктарга жана миддеттерге ээ.**

- Балдар жана ата – энелер аларды алмаштыруучу адамдар үчүн жергиликтүү билим берүүчү мекеме көрүнө жерге уставын ички тартип эрежелеринин тексттердин, ал уюмдардын ишин көзөмөлдөөчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдарынын, алар менен байланышуунун жолун көрсөтүү менен илинип коюлат.
- Мектеп өз ишинде балдардын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу талаптарын чектөөгө жол бербейт.
- Баланын мамлекеттик билим берүү мекемесине кирүүсүнө мыйзамда каралбаган чектөөлөргө жол бербейт.
- Мектепте балдардын уруп согуп жазалоого жол берилбейт.
- Уруп согуп жазалоого болгон учурда жазаланган адам, ошондой эле мектеп жетекчилери КРнын мыйзамдарына каралган жооп керчиликтерди тартышат.
- Мектеп окуучусуна каршы келген иштерди уюштуруп, билим берүү мекемесине тарбиялоого мүмкүн болбой калган мектептин уставын одоно түрдө бир нече жолу бузган 14 жаштан жогору балдарды чыгаруу укугуна ээ.
- Мектептен чыгарылган окуучу жашы жетпегендер менен иштөө комиссиянын чечими менен атайын окутуу, тарбиялоо мекемелерине жиберилет.

**2– ТАРАП . А.Бостонов атындагы орто мектебинин окуучуларынын АТА – ЭНЕЛЕРИНЕ ЖАНА ОКУУЧУЛАРЫНА төмөндөгүдөй укуктарга жана мидеттерге ээ**

- Ар бир КРнын жараны башталгыч жана жалпы негизги билим алууга миддеттүү. Окуучулардын ар бирине үстөмдөк, зордук -зомбулук кылууга жол берилбейт. Окуучуларга наркоманиялык, таксикоманиялык, спирттик,ичимдиктерди ичүүгө жана алрды алып жүрүүгө тыюу салынат.
- Окуучуларга окуу куралдарынан башка курал жарактарды алып келүүсүнө тыюу салынат.
- ТЕЛЕФОНДОРДУ алып келүүсүнө тыюу салынат.
- Коркутуп – үркүтүү зомбулук кылып, күч колдонууга , рэкетчилик кылууга тыюу салынат. Кошумча билим алууга укуктуу. Мугалимдерге окуучулар тарабынан одоно сөз кайтарылса эскертүү берилет, болбосо ИДНге учетко алынат. Окуу куралдарын анын ичинен китеп, күндөлүк дептерлерин алып келүүгө миддеттүү.
- Ар бир окуучу мектеп формасы менен келүүгө миддеттүү. Сабак учурунда мугалимге тоскоол болууга, сабактан качууга,себепсиз калууга, кечигип келүүгө тыюу салынат. Окуучу тарабынан келишим бузулса биринчи жолкусунда эскертүү берилет, экинчи жолкусунда

Scanned by TapScanner

мектептин учетуна алынат, үчүнчү жолкусунда КДД жана ИДНге сунушталат. Ата – энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар баланын толук кандуу өсүшүнө, тарбиялануусуна, билим алуусуна , ден соолугунун чыңдалышына, үй-бүлөдө жана коомдук өз алдынча жашоого даярдануусуна зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү

- Ата – энелердин экөө тең же аларды алмаштырган адамдар баланын тарбиялануусу, тийиштүү түрдө багылуусу, материалдык жактан жана турак жай менен камсыз болуусу үчүн кам көрүүгө бирдей милдеттүү. Ата – энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар баланы тарбиялоого, алардын билим алуусуна кам көрүүгө, баланын жаш курагына жана жөндөмүнө жараша анын аракеттерин башкарууга укуктуу жана милдеттүү.
- Ата – энелер жана аларды алмаштыруучу адамдар ата – энелик укуктарын ишке ашырууда балдардын дене бой жана психикалык саламаттыгына, алардын адеп ыймандык өнүгүүсүнө залал келтирүүгө укуктары жок. Балдарды тарбиялоо ыкмалары баланы этибар албаганы ката, орой, адамдык намыстык басмарлаган мамиле, мазактоо, экспулатациялоого жол бербөөгө тийиш .
- Ата – энелер балдардын сабактан кийинки мезгилдеги тартиптерине , кылмыштуулукка барбоосуна жана терс көрүнүштөгү иш аракеттерин жооп берет жана өз мойнуна алат.
- Мектептин мүлкүнө баласынын аяр мамиле кылышына үйрөтүүгө, китептерди жоготсо же айрыса, мектептин инвенторлорунун сындырса, буюмдун наркын төлөп берүүгө милдеттүү. Балдардын жооп керчилигин коопсуздугун өз мойнуна алат. Сабактан кийинки убакта балдардын жүрүм турумунда ыксыз көрүнүштөргө ата – эне жооп берет.
- Мектепке окуучу телефон көтөрүп келсе, 9 - июнга чейин телефон берилбейт.
- Ата – эне тарабынан келишим бузулса биринчи жолкусунда эскертүү берилет, экинчи жолкусунда КДД жана ИДНге сунушталат.
- Баланын сырткы облигине тазалыгына ( эркек баланын чачтарын, ак көйнөк, кара шым, бос же көк кастюм, кыздардын бантигине) толугу менен ата – эне жооп берет.
- Мектепке балдардын сабакка даяр болуп келүүсүнө ата – эне милдеттүү.
- Ата – эне балдарынын сабактарына жумасына бир жолу катышуусуна жана мектеп менен байланышып турууга милдеттүү.
- Ар бир ата – эне балага сабак даярдоочу бурч уюштуруп берүүгө милдеттүү
- Ата – энелер чогулушка үзгүлтүксүз катышууга милдеттүү.
- Балдарды мектептин коомдук иштерине активдүү катыштырууга милдеттүү.
- Балдарды түнкүсүн көчөгө чыгарбоого милдеттүү.

**1 – тарап**

А.Бостонов атындагы орто

мектебинин 7^а классынын

класс жетекчиси:

Бекказиева Гүлжан

**2 – тарап**

Ата эне: Кубатбекова Анаркүл

6 классынын окуучусу: Токтоналиев Кайрат

Scanned by TapScanner

**Арзымкан Бостонов атындагы орто мектебинин администрациясы, класс жетекчиси жана ата – энелер ортосунда түзүлгөн келишим.**

**Окуучуларга билим тарбия берүү максатында Арзымкан Бостонов атындагы орто мектебинин администрациясы, класс жетекчилси жана ата – энелер ортосунда төмөндөгүдөй эки тараптуу келишим түзүлдү.**

# *Тараптардын укуктары жана милдеттери.*

## 1 – ТАРАП МЕКТЕП АДМИНИСТРАЦИЯСЫ жана класс жетекчи

1. Окуучулардын билим алуусуна шарт түзүп берүүгө ( класстын жылуулугун, тазалыгын камсыз кылууга)
2. Мектепте болгон китептер менен камсыз кылууга
3 Окуучуларга жеткиликтүү билим берүүнү уюштурууга
4. Тарбия иштерин уюштурууну көзөмөлдөөгө ( тарбиялык сааттар, класстан тышкаркы иштер, тарбиялык иштер)

1. Класс жетекчилер өз милдетин так аткарууга
2. Окуучулардын сабакка катышуусун жана кечигүүсүн, форма менен келүүсүн, тазалыгын, тартибин, окуу куралдарын көзөмөлдөөгө
3. Класстын тазалыгын көзөмөлдөөгө
4. Тарбиянын багыттары боюнча иш алып барууга
5. Ата – энелер менен тыгыз байланыш жүргүзүүгө
6. Ата – энелерди сабакка катыштырууну уюштурууга
7 Чейрек сайын ата – энелер чогулушун өтүп, окуучуларды сабак өздөштүрүүсүнө жана тартиби боюнча маалымат берип турууга
8. Сабактан көп калган , мүнөзү оор балдар менен жекече иш алып барууга
9. Окуучуларга туулган күн өткөрүүгө, майрам күндөрү отуруш уюштурууга, экскурцияга чыгууга тыюу салууга

## 2 – ТАРАП АТА -ЭНЕЛЕРДИН МИЛДЕТТЕРИ

1. Ар бир ата – эне балдарын окуу курадары, окуу формасы менен камсыз кылып жиберүүгө
2. Сабакка убагында кечиктирбей жиберүүгө
3. Сабактан себепсиз калтырбоого
4 Үй тапшырмасын аткарууга көзөмөлдүк кылууга жана күндөлүгүн көзөмөлдөп кол коюп берүүгө
5. Үйдөн сабак даярдоодо балдарына шарт түзүп берүүгө ( сабак даярдоо бурчун уюштуруп жана убакыт бөлүп берүүгө)
6. Балдарынын сабак өздөштүрүүсүнө кызыктар болуу менен бирге, сабактарына катышып турууга
7. Ата – энелер чогулушуна үзгүлтүксүз катышууга
8. Мектептен тышкаркы иштерди уюштуруучуларга ( ар бир КВН, диспут, кечелерди уюштуруучуларга) мектептин администрациясынын жана класс жетекчилердин макулдугу жок болсо мектеп менен байланышып, алардын иш аракеттеринин аныгын билип турууга
9 Балдарынын кесипке багыт алуусуна көңүл бурууга жана шарт түзүүгө
10. Балдарына туулган күн өткөрүүгө, майрам күндөрү отуруш уюштурууга, экскурцияга чыгууга тыюуу салууга милдеттүү
11. Баланын ден соолугуна кам көрүүгө, учурунда медициналык кароодон өткөрүп турууга
12. Кружокторго, кошумча сабактарга катышуусуна шарт түзүп берүүгө
13. Балдардын мектептин коомдук иштерине активдүү катыштырууга
14. Эгерде балдары мектептин мүлкүнө зыян келтирсе ата – эне төлөп берүүгө милдеттүү

Scanned by TapScanner

15. Балдарды түнкүсүн көчөгө чыгарбоого милдеттүү
16. Мектепке чөнтөк телефон салып баруусуна тыюу салуу
17. Чейрек сайын ата – энелер жыйналышына милдеттүү түрдө катышуу

**ЭСКЕРТҮҮ:**

- Сабактан баланы себепсиз калтырса ата – энелер жоопко тартылат.
- Чөнтөк телефону менен кармалса 9 – июнда берилет.
- Эгерде ата-энелер балдарына компания уюштуруп берилсе ИДНге берилет.
- Сабактан сырткаркы учурда балдардын жүрүм турумунда ыксыз көрүнүштөр ( салык салуу, бирөөнү опузалоо, күч колдонсо, мушташса) ата – эне жооп берет.
- Балдардын жүрүм турум тартибине эртен менен 1 – сменгедегилерге $8^{00}$ дон $13^{00}$ го чейин , түштөн кийин $13^{00}$ дон $17^{00}$го чейин мектеп жооп берсе, калган убакта баланын жоопкерчилигин ата – эне толугу менен мойнуна алат
- Ата – энелер тарабынан келишим бузулса биринчи жолкусунда эскертүү берилет, экинчи жолкусунда КДЦ жана РОВДга сунушталат.

*Бул келишимде каралган маселелер 2 тараптын катышуусу менен жөнгө салынат жана келишим 2 нускадан түзүлүп, 1 – мектеп администрациясында, 2 – класс жетекчиге берилет.*

Мектеп администрациясы ата – эне класс жетекчи:

«__» ______ 20__-20___ «__» ______ 20__-20___ «___» ________ 20__-20___

| № | Ата – эненин аты, жөнү | Колу |
|---|---|---|
| 1 | | |
| 2 | Кочкорбаева Аида | |
| 3 | Каскеева Айнура | |
| 4 | Усупбаева Жанара | |
| 5 | Жакпакунова Рано | |
| 6 | Сарманова Каныш | |
| 7 | Ташматова Мээрим | |
| 8 | Мамытбекова Шайра | |
| 9 | Кылычбекова Анаркан | |
| 10 | Жакенов Мирлан | |
| 11 | Бекназиева Гулзат. | |
| 12 | Обонбаев Маматык | |
| 13 | Жакпоназарова [illegible] | |
| 14 | Эзубекова Гулбарчын | |
| 15 | Чаргожиева Сезим | |
| 16 | Махмудов Кылыч | |
| 17 | | |
| 18 | | |
| 19 | | |
| 20 | | |
| 21 | | |

Scanned by TapScanner